*УДК: 304.3 (575.2) (043.3)*

***Шайылдаева А.К.,*** *к.с.н.*
*Бишкекский гуманитарный университет имени К. Карасаева*
*и.о. доцент*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ДИНИЙ УКУКТАРДЫН АЯЛДАРГА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

# ВЛИЯНИЕ РЕЛИГИОЗНЫХ ТРАДИЦИЙ НА ЖЕНЩИН ПРАВ КЫРГЫЗСТАНА

# THE INFLUENCE OF RELIGIOUS TRADITIONS ON WOMEN RIGHTS IN KYRGYZSTAN

***Аннотация:*** *Макаклада диний укутардын аялдардын коомдук жигердүүлүгүнө тийгизген таасири каралган. Кыргызстандын аялдарынын укуктарынын чектелүүлүгү, алардын теңсиздиги тууганчылыкка тыгыз байланыштуу болгон никелик нормалар анализделген.*

***Ключевые слова:*** *исламские государства, права женщин, шариат, гендер, неравенство.*

***Аннотация:*** *В статье рассматривается правовое положение женщин и влияние религиозных прав на социальную сплоченность женщин. Ограниченность прав Кыргызстанских женщин, а также их неравенство и нормативные особенности кровно родственных отношений.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *ислам мамлекеттери, аялдар укуктары, шариат, гендер, теңсиздик.*

*This article examines the legal position of women and the influence of religious rights for social cohesion women. The limited rights of Kyrgyz women and their inequality and normative features of kindred relations.*

***Key words:*** *Islamic state, women's rights, Sharia law, gender and inequality.*

Гендердик өнүгүүдө Кыргызстандагы парламенттик демократия үй-бүлөнүн өнүгүшүнө толук шарттарды түзүп берүүдө. Үй-бүлөдөгү аялдар менен эркектердин ролу коомдун жалпы өнүгүшүнө зор таасирин тийгизет. Кеңеш мезгилиндеги жана эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы жүргүзүлгөн мамлекеттин саясаты, аялдардын коомдогу абалы жана үй-бүлөдөгү ролу жогорку саясат жолунда алардын эркектер менен чогуу иштеп кетишине чоң тоскоолдуктарды пайда кылган.

Исламдын жана мусулман укугунун өзгөчө жоболору Конституциялык укуктарында бекемделген көпчүлүк араб өлкөлөрү (Египет, Сирия, Иран, Ирак, Пакистан, Ливан, Марокко ж. б.) жана ислам укуктарын белгилүү деңгээлде кабыл алган Африка менен Азиянын башка өлкөлөрүнүн укуктук системасы мусулман укугунун жактаган көп сандуу топту түзөт. Алар мусулман дининдеги эркек гана мамлекет башчысы боло алат деп бекитет. Мусулман укугунун мыйзамдары өзгөчө үй-бүлө, мурастоо укугунун (үй-бүлөлүк укук жөнүндөгү 1917-жылдагы Осмон мыйзамы, 1920-жана 1929-жылдардагы Египеттин үй-бүлө мыйзамдары, 1953-жылдагы жеке статус жөнүндөгү Сомалинин ушундай эле мыйзамдары) негизги булактары болуп саналат. Мурастоо, камкордук көрүү, көзөмөлдүк кылуу, укукка жөндөмдүүлүгүн же аракетке жөндөмдүүлүгүн чектөө боюнча мыйзамдар (кодекстер) ушул топтогу көп өлкөлөрдө кабыл алынган [1, 2-3-бб.]. Бул маалымат өтө маанилүү, анткени, дүйнө жүзүндө мусулмандар миллиардга жакын адамды түзөт. 120 өлкөдө мусулман коомчулугу бар, 30 өлкөдө ислам мамлекеттик дин болуп жарыяланган. Азыркы учурда дүйнөдөгү бардык диндердин ичинен ислам мамлекет жана укук менен өтө тыгыз байланышкан. Мусулман укук формасы калктын кеңири катмарына зор таасир көрсөтүүдө.

Аялдар үчүн «үй-бүлө жумуштарын аткаруу» жана «саясатка аралашып иштеп кетүү» кыйынчылыкка турган.

Мамлекеттин «үй-бүлө» тармагында башкаруу жана баш ийүү мамилеси өнүгүп келген, ал эми азыркы доорубузда гендердик тең укуктуулуктагы өнүгүүнүн жаңы негизин байкасак болот. Албетте, жаңы эрежелер алгач аялдар үчүн жабык болгон коомдук иштерге аралашуусунан келип чыккан. Жаңы мыйзам ченемдүүлүктөрдүн келип чыгышы Кыргызстандагы демократиянын өнүгүшүнө байланыштуу. Жаңы эрежелердин пайда болушу демократиялык шайлоо эрежелерине жана шайлоонун ыкмаларына түздөн-түз көз каранды.

Парламенттик Кыргызстандагы гендердик теңдик жашоо-турмуш үчүн бирдей шарттарды камсыз кылуу гана эмес, ошондой эле чечимдерди кабыл алуунун бардык тепкичтеринде, анын ичинде жергиликтүү деңгээлдеги бийлик органдарында өкүлчүлүгү жетишсиз көрсөтүлгөн жынысты көтөрүүнү болжолдойт.

Мусулман укугу эне жагынан туугандык байланышты карабайт, бирок энесин аныктай алат. Баланын төрөлүшү ата-энеси менен балдардын укуктары менен милдеттеринин бир кыйла комплекстерин пайда кылат. Куранда исламды дүйнөлүк дин катары калыптандыруу мезгилиндеги исламдын канондук принциптери айтылган. Мусулман аялдын проблемалары боюнча айрым жакшы жактарына карабастан, курандын идеялары патриархаттык үй-бүлөнүн эрежелерин идеалдаштыруунун, эркекти артык коюунун принциптеринен келип чыгат.

Жыныстардын өкүлчүлүгүнүн ассиметриялык мүнөзүн көрсөтүүчү жалпы тенденциялар бийликтин өкүлчүлүктүү органдарынын бардык системасында орундардын «пирамидалык» бөлүштүрүлүшү болуп саналат. Шайлоолор саясатка жана чечимдерди кабыл алууга аялдарды андан ары жогорулатуу үчүн негизги ролду ойнойт. Ушуга байланыштуу түзүлгөн дисбалансты чечүүгө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына аялдардын катышуусу үчүн кандайдыр бир маданий, экономикалык жана психологиялык тоскоолдуктарды эске алуу менен шайлоолордо аялдарды колдоого шарт түзүүгө жана ар тараптан көмөк көрсөтүүгө атайын багытталган комплексти иштеп чыгуу жана колдонууга киргизүү зарыл.

Кыргызстандагы эркектер менен аялдардын жеке статустарынын теңсиздиги шарият боюнча никеге туруу жана никени бузууда айкын көрүнүүдө. Аялдар коомдук турмушта да, үйдө да укуксуз болушкан. Алар үй-тиричиликте өз алдынча болушкан.

Кыргызстандын аялдарынын укуктарынын чектелүүлүгү, алардын теңсиздиги тууганчылыкка тыгыз байланыштуу болгон никелик нормаларда ачык байкалат. Кыргыз урууларында экзогамиялык үй-бүлө, бирок уруунун ичинде чектелүү деп эсептеген. Моңолдор уруусунда жана чериктерде жетинчи атасынан чукул жерден аял албоо салты болгон. Турмуштун өзүндө бул тыюулар сакталбаган учурлар да болгон, бирок аялдын дагы, эркектин дагы укуктун бул адаттагы нормаларын бузушу оор кесепеттерге алып келген. Кыргыздарда калың төлөө милдеттүү салт болуп, ал колунда жетишээрлик малы-мүлкү жоктордун нике күтүшүнө тоскоол болгон. Калың маселеси бир топ эле татаал маселе. Калың төлөө – бул эркек менен аялдын теңсиздигинин күбөсү. Бешиктеги кезинде эле кудалап койгон учурда; калыңды иштеп берип төлөп койгон учурда; колукту нике жашына жеткенге чейин калыңды толук төлөп койгон күйөөсүнүн үйүндө жүргөн учурда аялдын тең никеге туруу укугу жөнүндө айтууга болбойт. Шарият боюнча калың – бул колуктуну сатып алуу. Азыркы учурда айрымдар калыңды салт, тараптардын өз ара макулдашышы деп эсептеп жүрүшөт. Аялдардын укуктары көп аял алуу, аялды баш ийдирүү, анын эмгегин пайдалануу шарттарында айрыкча басмырланган. Көп аял алууга шариятта да, салт болуп келаткан укукта да жол берилген. Ислам кыргыздардын көп аял алуу салтын мыйзамдаштырып гана койгон. Жардылар бир эле аялдуу болгон, байларда 4 аялга чейин болгон. Кичүү аялдар күйөөсүнө да, байбичеге да баш ийишкен.

Төрөбөгөн аял кем деп эсептелип, бул анын күйөөсүнө дагы кайгы болгон. Энеси балдарды тарбиялоого милдеттүү болгон. Эркек бала 3-7 жашында сүннөткө отургузулган. Атасы өлсө, балдар анын туугандарына калган. Ажырашкан аял балага болгон укугунан ажыраган. Баланы багып алуу кеңири таралган. Көбүнчө күйөөсү тараптан эркек балдарды асырашкан. Аялдар күйөөлөрүнүн, үйдөгү улуу эркектердин камкордугунда болушкан.

Ажырашуу мусулман désинде башка белгилүү диндерге салыштырмалуу абдан жөнөкөй болгон. Ажырашуу үчүн бир эле сөз жетиштүү болгон. Бул аялына күйөөсү үч жолу «талак» деген сөздү айтып коюушу. Бул «талак» деген сөз «сен мен үчүн аялым эмессиң», «сен бошсуң» дегенди билдирет. Үч жолу кайталанган «талак» деген сөздөн кийин үй-бүлө ажырашкан болуп эсептелинет. Шарият боюнча күйөөсүнүн ажырашуу максаты биринчиден аялынын оюнан көз каранды эмес. Ошондуктан, бул ажырашуу максаты жада калса талкууга дагы алынбаш керек. Аялынын бир эле жолу бар, анын каалоосу менен болуп - ажырашуу. Шарият боюнча ажырашуунун төрт түрү бар:

1. Биротоло ажырашуу;
2. Күйөөсүнө кайра кайтып келиши;
3. Аялы күйөөсүнө калыңын кайтарып берип, ажырашууну суранат;
4. Кетип калуу менен ажырашуу;

Биринчи түрдөгү «биротоло» ажырашууда, кайра никеге туруу келишим менен аялын кабыл алат [2, 43-б.].

Ажырашуу тартибинде көбүнчө укуктарга күйөөсү эркин болот, бирок аялдардын деле эркин болушуна окшош укуктар берилген.

Шариятта «никеге туруу» бул келишимди түзүү негизин түшүндүрөт. Бул келишимдин негизинде аял кичи бөлөк болуп, келишим түзгөн эркек үчүн жабык болуп саналбайт. Бир эле макулдук берүү жетишсиз, ал үчүн атайын никеге туруунун жоболорун окушат.

Салт-санаалар бизди нике кыйылган күн аялдардын турмушундагы эң бактылуу күн болоорун ойлонууга мажбурлайт. Экинчи жана үчүнчү муундагы көптөгөн иммигрант-аялдар үчүн үйлөнүү тою өткөндөн кийинки түн качандыр бир кезде алар ээ болгон талылуу тажрыйба болуп калышы мүмкүн. Айрым маданияттарда салт-санаалар эркектерге алардын тандап алган жубайы кыз бойдон болушун жана кыз экендигин үйлөнүү тою өткөндөн кийинки биринчи түнү далилдеши талап кылган. Бул болсо үйлөнүү үлпөтүндөгү үрп-адаттын бир бөлүгү болуп эсептелинет.

Жаңы үйлөнгөндөр үчүн бул – колуктунун же күйөөсүнүн туугандары тарабынан болгон жеңесинин алар никеде кошулуу аяктагыча эшиктин сыртынан тыңшап турушу аларды кемсинтүү катары сезилиши мүмкүн. Колуктунун кыз экенин сыноо анын шейшебине жараша болот. Эгер анын кыз белгисинин айрылышынан шейшеп кан болбосо, аны врачка көрсөтүп жана ошондон кийин гана ага кыз эмес экендиги жөнүндө күнөө коюуга болот. Андан ары күйөө баланын үй-бүлөсү аны эл алдында шерменде кылып, төркүнүнө кууп жиберүүнү же алып калышын, анын жаңы үй-

бүлөдөгү жашоосун физиологиялык жана психологиялык кыйноодон турган азапка айлантууну чечишет.

Социологдор үй-бүлөлүк турмушта аял-эркектин кызматташтыгын белгилөө үчүн «өнөктөш үй-бүлө» деген түшүнүктү киргизген. Эгерде теңдикке, өнүгүүгө жана тынчтыкка багыт алсак, мындай кызматташтык болмоюнча «саясый ашканада» да иш алып баруу мүмкүн эмес. Бул максаттар 1995-жылы күзүндө Пекинде болуп өткөн IV Бүткүл дүйнөлүк конференциянын негизги урааны болуп калды, ал жерде саясатта, саясый артыкчылыктарды калыптандырууда аялдардын ролу жөнүндөгү маселе эң көп талкууланган маселелердин бири болгон.

XX кылымда көптөгөн окумуштуулардын күчү менен укуктук теңсиздиктин биологиялык теориясы жокко чыгарылып, коомдогу, үй-бүлөдөгү аял менен эркектин тең укуксуздугу биологиялык жактан эмес, маданият тарабынан берилет деген түшүнүк пайда болгон. Ф. Боас аттуу Америкалык окумуштуу эң биринчи жолу, «эркектик» жана «аялдык» деген түшүнүктөргө туура келген «маскулиндик» жана «феминдик» түзүлүштөр табияттан берилбестен, ар түрдүү коомдун жашоо өзгөчөлүгүн жана нормалык түшүнүктөрүн чагылдыраарын белгилеген. Жаңы Гвинея элдерине жүргүзгөн изилдөөсүнүн негизинде жазылган «Маданият жана балалык дүйнөсү» аттуу фундаменталдык эмгегинде М. Мид бул идеяларды абдан бекем тастыктаган: өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумундагы жыныстык айырмачылыктар алар өсүп чоңойгон коомдун маданиятынын негизинде шартталаарын көрсөткөн. Бул М. Миддин эркектик жана аялдык ролго социалдашуу учурунда үйрөнүшөөрүн дагы бир жолу тастыктаган [3, 49-50-бб.]. Ошондон улам маданият – бул аялдык же эркектик деп белгиленген жүрүм-турумдун баштапкы уюштуруучу жана системалаштыруучу белгиси.

И. С. Кон «толук нормалдуу биологиялык өнүгүү дагы өзүнөн-өзү адамды социалдык психологиялык жана инсандык мааниде эркек же аял кыла албайт. Ал үчүн биологиялык мүнөздөр жыныстык роль системасы менен байланышта болгон сезим жана жыныстык өзгөчөлүк түшүнүгү менен толукталышы керек» - деп белгилеген [4, 766-767-бб.]. Гендердик изилдөөлөрдүн жыйынтыгында, гендердик айырмалоонун «табигый», «жаратылыштан» болоорун жокко чыгарган жана аял менен эркек проблемаларын гендердик теңдик призмасы же теңсиздикти турмуштун ар кайсы тармактары аркылуу караган социалдык жыныс концепциясы пайда болду.

А. Алдашеванын эмгегинде аялдардын 33,9% атуулдук укуктары кепилденген деп белгилешкен. Анын ичинен 13,1% респондент негизинен кепилденген, калган 20,8% кепилденген болуш керек деп жооп беришкен. Ал эми 63,5% мындай ойдо эмес экенин айтышкан. Анын ичинен 41,2% атуулдук укуктарын кепилденген эмес болуш керек, 22,3% – негизинен кепилденген эмес деп эсептешет. Калганы жооп берүүдөн баш тартышкан [5, 138-б.]. Үй-бүлөлүк турмуштагы мусулман аялдын милдети күйөөсүнө толук баш ийүүдө жана анын каалоолорун аткарууда турат. «Силердин аялыңар силер үчүн жайкалган даркан талаа, даркан талаага каалаган убагыңарда баргыла жана аны өзүңөр үчүн асырап алгыла». Аялы үчүн калың төлөп, күйөөсү өзүн анын ээси, аялын менчиги катары караган. Аялдын баш ийиши анын оор ишти аткаргандыгынан эле эмес, күйөөсүнүн мамилесинен да көрүнөт. Жогоруда айтылгандай, аял күйөөсүн атынан чакыра алган эмес жана күйөөсү жокто башкалардын көзүнчө атын атай алган эмес. Мектепке чейинки мекемелер үй-бүлөдө башталган социалдашуу процессин улантышат. Оюндар жана кийим-кеченин, оюнчуктардын түрү ал тургай түсү дагы жынысына жараша айырмаланып турат. Көйкөлөгөн көйнөктөр жана куурчактар кыздарды токтоо болууга тарбиялайт, ошондуктан кыздар жай аракеттеги оюндарды тандашат. Эркек балдардын көпчүлүгү өздөрү командир, тыңчы же баатыр болгон күч оюндарын ойношот. Кандайдыр бир деңгээлде муну эркектерде жогорку жигердүүлүктү камсыз кылган тестостерон гормонунун көбүрөөк болушу менен байланыштырууга болот. Эгер кыздар мындай оюндарга катышса, эрежеге ылайык, мисалы эмчи айым же башка ушулар сыяктуу кызматкерлердин ролун аткарышат. Эркек баланы ийгиликке жетишүүгө, өзүнө ишенүүгө, күчтүү, чечкиндүү болууга, ал эми кыздардан чыдамкай болууга, башка бирөөнүн көз карашын кабыл алууга, баш ийүүгө тарбиялашкан. Эгер эркектер колуна куурчак алып же кыз сыяктуу кыймыл аракетте болушса, же тескерисинче, кыздар эркек сыяктуу болсо ата-энеси сары санаага батышат, анткени балдарынын аракети адаттагыдай эмес.

Аялдарга боштондук берүүнүн экинчи баскычында айыл-кыштактарда аялдарга эркектер менен тең өлчөмдө жер жана суу бөлүштүрүү, аялдардын айыл-чарба артелдерин уюштуруу, андан соң аялдарды жапырт колхозго кабыл алуу иштери жүргүзүлгөн. Белгилей кетчү нерсе, бул баскычта негизги басым жыныстардын укугун теңөөгө эмес, аялдарга жогорку билимге, кесиптик иштерге жол ачуу жана үй-бүлөлүк мамилелердин өзгөрүшүнө жасалган. Эмансипация идеясынын мазмундук өзгөчөлүгүн камсыз кылган себептер:

- Руханий жашоонун кескинделиши, аялдардын аң-сезиминин өсүшү;
- Аялдарды үйдөн тышкары жумуш менен камсыз кылууга экономикалык талаптын болушу;
- Чыккан тегине карабастан, аялдардын жеке көз карандылыгынын коомдун өнүгүшүнө тоскоол болгондугу.

**Жыйынтык.** Кыргызстанда «аялдар маселесин» чечүү – жалпы адамзаттык мамилелер менен катар эле бир катар улуттук өзгөчөлүктөр, өзүнчө баалуулуктар жана адат-салттар менен аныкталат. Бул проблема биздин республикада жүргүзүлүп жаткан өзгөртүп түзүү процесстеринин бүткүл комплексинде өзгөчө орунду ээлейт. Аны чечүүгө өзүнчө мамиле жасоо кыргыз үй-бүлөлөрүнүн жана жалпысынан үй-бүлөлүк өз ара мамилелердин өзгөчөлүктөрү менен да аныкталат. Бул жалпыланган түрдө төмөнкүлөргө келтирилет: кыргыздар үчүн адамды урматтоо, гуманисттик баалуулуктарды жактоочулук, көп балалуулук, жамаатчылдык, коомдук пикир менен эсептешүүгө умтулуу, улуттук салт-санааларды сактоо өтө маанилүү, үй-бүлөнүн туруктуулугун чыңдоодо, балдарды тарбиялоодо чоң мааниге ээ. Азыркы учурда аялдар проблемасын улуттук, региондук жана диний өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кеңири эл аралык деңгээлде чечүү керек.

Аялдардын укуктары баяндалган улуттук мыйзамдарды талдоо Кыргызстанда жыныстык, конфес-

сиялык жана этностук белгилери боюнча кысымга алууга Конституция тарабынан тыюу салынгандыгын, жеке турмуш, эмгектик, үй-бүлөлүк жана коомдук мамилелер чөйрөсүндө аялдарды юридикалык коргоо бар экендигин, аялдардын өмүрүнө, ден-соолугуна, эркиндигине жана кадыр-баркына кол салган кылмыштар үчүн кылмыш жоопкерчилиги каралгандыгын көрсөтүп турат.

***Адабияттар***

*1. Байыркы Чыгыштагы мамлекет жана укук [Текст] («Тегерек стол») / Азия жана Африка элдери. -1984.- 2-3 -беттер.*

*2. Мультииндикаторное кластерное исследование, проведенное Национальным статистическим комитетом при поддержке ЮНИСЕФ [Текст] – 2006 г.*

*3. Права и экономическая свобода женщин в трансформирующемся обществе Кыргызстана [Текст]. – Бишкек, 2002, 80 б.*

*4. Кон. И.С. Половые различия и дифференциация социальных ролей [Текст]/ И.С. Кон. // Соотношение биологического и социального в человеке. – М., 1975. - 766*

*5. Алдашева А.Б. Социализация женщин в городских условиях [Текст]: Автореф. дисс. ...канд. социол. наук: 22.00.04./А.Б.Алдашева. – Б., 2000. – 24 с.*

*6. Шайылдаева А.К. Айыл аялдарынын азыркы социалдык абалы. Б., 2013. 205 б.*